
**Ленин районунун №96 жалпы орто билим берүү мектебинин математика, информатика жана физика усулдук бирикмесинин 2019-2020 окуу жылындагы жылдык отчету**


Бишкек шаарындагы №96 жалпы орто билим берүү мектебиндеги МИФ усулдук бирикмесинде бардыгы 5 математик, 2 физик жана 3 информатик мугалим иштейт.

2019-2020-окуу жылынын август айында УБ кеңешмеси өтүп, мугалимдерге жылдык сааттар бөлүнду жана бөлүнгөн сааттарга карата календардык планды түзүү жана күнүмдүк планды жаңы стандарт менен жазуу маселеси, методикалык темаларды пландоо жана тактоо каралды.

11.09.2019-жылы 5-класстар арасында диагностикалык текшерүү иш алынды жана жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.





11.09.2019-жылы 8-класстар арасында алгебра сабагынан диагностикалык текшерүү иш алынды жана жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду



Октябрь айында текшерүү иштерди бир типке келтирүү боюнча талкуу жүрдү жана макулдашылды.

10.10.19 физика предмети боюнча диагностикалык иштин жыйынтыгы




Ноябрь айында предметтик сабактар олимпиаданы өткөрүү жана ага карата материалдарды даярдоо жана чейректин жыйынтыгы боюнча маалыматтар талкууланды.

Математика, информатика жана физика 23.11.2019 жылы өткөрүлүп, жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду.

**Математика. Мектеп ичинен орун алган окуучулар:**

1-орун 10б- класс Саадатбекова Аделия
2-орун 10А- класс Молдобекова Азиза
3-орун 10б-класс Шакиров Заирбек
1-орун 9б-класс Бапыгулова Аделина
2-орун 9д-класс Адилет кызы Асель
3-орун 9в-класс Нурстан у Байтур
1-орун Максатбек у Азамат 8б-класс
2-орун Мырзабай к Айнаргил 8г-класс
3-орун Чолпонбек кызы Алина
**Физика**
1-орун Азатбек к Дильназ 10б-класс
2-орун Бакманова А 11а-класс
3-орун Канатбек к К 11б-класс
1-орун Абдасов Даниел
2-орун Каныбек к Перизат
3-орун Исанова Тинатин
**Информатика**
1-орун Амантуров Алинур 9д-класс
2-орун Насипбеков Улан 8г-класс


3-орун Азамат уулу Сумирлан.

19-20.12.19 мектептик олимпиададан 1,2-орунду алган окуучулар Олимпиаданын 2-туру Райондук олимпиадага барып, өз билимдерин сынап келишти.

**Жыйынтыкта Физика предмети боюнча 10б-класстын окуучусу Азатбек кызы Дильназ 2-орунга ээ болду.**

МИФ УБ синен райондук олимпиадага Аскулова З.М. жюри болуп катышып, райондук Билим Берүү борборунан **«Ыраазычылык кат»** алды

14.11.2019 информатика боюнча диагностикалык тесттин жыйынтыгы





1-декабрь СПИД ге каршы күнүнө карата мектеп ичинде усулдук бирикмелердин арасында «Спорт-ден соолуктун мүлкү» деген темада спорттук мелдеш болуп өттү.





Январь айында мектеп ичинде 10-класстардын алгебра сабагы боюнча көзөмөлгө алынды жана 29.01.20 күнү текшерүү иш алынды. Жыйынтыгы 10А-класс билим сапаты -32%, жетишүүсү-92%, 10Б-класс билим сапаты-33%, жетишүүсү 94%.




Февраль айында 7Г жана 7Д алгебра предмети боюнча жана 8Г, 8Д класстары геометрия сабагы көзөмөлгө алынды. Жыйынтыгы 7д-класс билим сапаты-33%, жетишүүсү-88%, 7г-класс билим сапаты-32%, жетишүүсү-90%. Физика боюнча жыйынтык 8г-класс билим сапаты-28%, жетишүүсү-92%, 8д-класс билим сапаты-33%, жетишүүсү-94%.

04.02.20-14.02.20 арлыгында МИФ УБ нин декадасы болуп өттү:




Декаданын ачылышында МИФ УБ нин мугалимдери 5-11-класстар арасында ар бир класс боюнча тапшырмалардын түрү бөлүнүп берилди:

5-6-класстарга дубал гезити, 7-класстарга кол онорчулук, 8-класстар кечени уюштуруу, 9-кл.Макеттерди жасоо боюнча конкурс жарыяланып, ачылышын математика, физика, информатика боюнча көркөм айтуу, ыр, сценка, бий менен коштолду ошону менен декаданын ачылышы өттү.




Декадада бардык мугалимдер ачык сабактарды өттү.

05.02.2020 жаш мугалим Кеңешбек кызы Жанылай  9д-класска «Фотоэффект кубулушу. Фотоэффекттин закондору» деген темада ачык сабакты биринчи болуп өттү. Сабагында Техникалык каражаттарды, видеосабакты, венндин диаграммасын колдонуп, көргөзмөлүү сабак өттү. Окуучулар да сабакка активдүү катышып, эсеп чыгарып, аракет кылып жатышты.

05.02.20 5б –класска «Киреше, чыгаша. Пайдалуу эсептоо» деген темада ачык сабак өттү. Тема 5-класс үчүн татаал болгондуктан, окуучулардын кабыл алуусу орто болду, бирок окуучулар аракет кылып активдуу катышышты. Сабакта коргозмолүү оттү.

10.02.2020 информатика 5г-класс, өскөнбаева А өттү. Тема:»раинт графикалык редактору». Сабакта кайталоо үчүн тест, баалоону стикер, практикалык иштөө үчүн карточка жана теманы түшүндүрүү техникалык каражаттардын жардамы менен жеткиликтүү, кызыктуу өттү.

12.02.20 Медетбекова  Сымбат «Арифметикалык жана геометриялык прогрессияга көнүгүү иштөө» деген темада ачык сабакты 9д-класска өттү.




Сабакта тест, жоголгон тамгаларды табуу, баалону геометриялык фигураларды мисал иштеген, жооп берген окуучуларга таратуу аркылуу, техникалык каражаттарды, ватманга эсеп чыгаруу менен кызыктуу өттү. Өзүн алып жүрүүсү, дикциясы жакшы деп бааланды.

12.02.20 физика 10А-класс. Шамиль кызы Перизат тема:»Буулануу. Кайноо. Кайноо температурасы» деген темада ачык сабак өттү.

13.02.2020. Карыбекова Айпери. 7б-класс. Тема: Windows системалык чөйрөсү.

Сабакты чаташкан тамгаларды табууну «кахут» программасы менен чыгаруудан баштады. Теманы толук ачып бере алган жок, окуучулар ворд до практикалык иштешти. Сабагы канааттандырарлык деп табылып, сунуштар, калоолор айтылды.

13.02.20 Аскулова З. 10б-класс. Тема» Функциянын графигине жаныма» деген темада ачык сабак өттү. Сабакка катышкан мугалимдер жана адмнистрация тарабынан бааланып, сабак максатына жетти жана ишине ийгилик калоо жана көбүрөок жаштарга өтүп берүүнү,жайылтуунун сунушташты. Сабакта Блумдун таксоманиясы, техникалык каражаттар. Ватмандар иенен иштоо жана 16 эсеп чыгарылды, теманын татаалдыгына карабастан.

14.02.20. Мукаева Лариса 7-класстар арасында «Жеңилбөөс жетөө» деген темада декаданын жабылышын Актовый залга өттү жана мында ачылышындагы конкурстардын жыйынтыгы чыгып, грамоталар тапшырылды.

Март айында чейректер чыгарылып, аралыктан окутууга карата даярдыктар көрүлдү. Зоом, ватсап, телеграмм аркылуу сабак өтүүгө даярдыктар көрүлдү.

Апрель, май айында Республикадагы кырдаалга байланыштуу окуучуларды аралыктан окутулду. Зоом, ватсап, телеграмм аркылуу окуучуларга сабактар өтүлүп, ТВ дан өтүлгөн сабактарга кайтарым байланыш түзүлүп өтүп жатышты. МИФ УБ нин мугалимдери аябай жоопкерчилик менен мамиле кылышып, сабактарды(видео), слайдддарды даярдашып өтүшүп жатышты. . МИФ УБ нин мугалимдери аралыктан өтүү сабактарын изденүүчүлүк, чыгармачылык, жоопкерчиликтүү менен өтүштү.

Ал эми 4-чейректин баалары 3-чейректин жыйынтыгы менен бааланып, чыгарылды. Отчетторду убагында өткөрүштү. Мамлекеттик экзамендер да мурдагы билимдеринин орточо баалары менен чыгарылды жана журналдарга коюлду. Комиссиянын мүчөсү катары математик Аскулова З.М. дайындалып, ал өз ишин аткарды. Мугалимдердин баары отчетторун убагында өткөрүшүп, берилген тапшырмалардын баарын өткөрүшүп, эмгектик өргүүгө план боюнча кетишти.